# Ак-Тилек орто мектебинин 2021-2022-окуу жылындагы тарбия иштеринин анализи.

Ак-Тилек орто мектебинде жыл башында сентябрь айында тарбия иштери боюнча жылдык иш план түзүлдү. Август айында «31-август Кыргызстандын Эгемендүүлүгүнүн 30 жылдыгына» иш чаралар өткөрүлдү.

15-сентябрь билим күнүнө карата «Менин сүйүктүү Кыргызстаным» аттуу биринчи тарбиялык саат 1-11-класстарга өтүлдү, ар бир класста класстык саатка кошуп техникалык жана өрт коопсуздугу өтүлүп, окуучуларга маалымат берилди.

Жол кырсыктарын алдын алуу боюнча «Көңүл бургула балдар атуу» 1-11-класстарга класстык сааттар өткөрүлдү.

23-сентябрь мамлекеттик тил күнүнө карата «Тил биримдик тиреги» аттуу дубал газета, бурчтар уюштурулуп «Кыргыз тили кылымдарды карыткан, эч ким аны өчүрө албайт тарыхтан» ачык класстык саат 9-11-класстарга өтүлдү.

Балдардын өз алдынча башкаруу иштери боюнча өспүрүм жаштар: «Манас», «Семетей», «Сейтек» уюму уюштурулду.

Өрттөн сактануу «Жаш өчүргүч» отряды түзүлдү.

1-октябрь карылар күнүнө карата класстык саатар өткөрүлүп, «Карысы бардын ырысы бар» деген темада тегерек стол болду. Мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга карата «Боорукердик алтын сепкич» акциясы уюштурулду.

«Мугалим мөмөлүү дарак» аттуу 1-11-класска чейин класстык сааттар өтүлүп, «Агайларым эжейлерим» класстан тышкары 8-11-класстар арасында тарбиялык иш чара болду. 3-класска «Тилим менеин жан дилим» деген темада Бейшебаева Н. ачык класстык саат өттү.

Октябрь айында мектеп ИДН Асылбек уулу Саддам менен бирге 7-11-класстын балдарына «Кылмыштуулукту алдын алуу» боюнча жыйналыш өттү.

1-11-класстар класс жетекчилери бирге «Өзгөчө кырдаал деген эмне», «Жер титирөөдө өзүн алып жүрүү», «Баарыңар көнүл бургула» деген сигналда эмне кылуу керек? «Жапа чеккендерге алгачкы жардам көрсөтүү» аттуу темадардын негизинде граждандык коргонуу күндөрү өттү.

Ноябрь айында «Тазалык ден соолуктун булагы» 4-класска Турдукожоева К ачык класстык тарбиялык саат өттү.

ИДН Асылбек Саддам 8-11-класстарга балдардын, кыздардын тартиби жөнүдө жыйналыш өтүп зордук-зомбулук, рекетчилик тууралуу айтты.

Бабырова Ж. Конокова А. «Коррупцияга каршымын» аттуу 8-9-класстарга диспут өтүштү.

Мектеп ичиндеги зордук-зомбулукту, рекетти, талап тоноочулукка жол бербейбиз! Деген темада 7-11-класстарга тегерек стол болду.

«Ата журтту коргоо атуулдук парз» аттуу спортук мелдеш 7-11-класстар арасында өтүлдү.

Бүткүл Дүйнөлүк СПИДке каршы күрөшүү күнүнө карата СПИДке жол жок аттуу класстык саат өттү.

1-11-класстардын ата энелерине жыйналыш өткөрүлүп, окуучулардын жол эрежелери, зордук –зомбулук жана эрте никеге туруунун зыяндуулугу боюнча маалымат берилди.

Декабрь айында Бүткүл Дүйнөлүк СПИДке каршы күрөшүү күнүнө карата «СПИД кылым чумасы» 10-11-класстарга тегерек стол болду.

«Тамеки тартуу, аракечтик жана баңгилик өмүргө зыян» аттуу темада 9-11-класстарга диспут өтүлдү.

Диний экстремизим жайылуусун алдын алуу боюнча «Дин жана укук» 8-11-класстарга тегерек стол болду.

«Толерантуулук жана ишеним», «Укук жана дин», «Ислам дини» диндин тарыхы туралуу 9-11-класстарга тегерек стол өтүлдү.

«Жугуштуу эмес оорулар» жана сергек жашоо б оюнча класс жетекчилерге семинар өтүлдү.

Жаңы жылдык балаты майрамы 1-11-кластарга уюштурулуп, өрт коопсуздугу боюнча класстык сааттар өтүштү.

Январь айында 10-11-класстардын кыздарына «Эрте никеге туруунун зыяндуулугу» аттуу темада тегерек стол болуп, 10-класстын класс жетекчиси Кыдырова А. «Кыз адеби кымбат, уул адеби ызаат» деген темада ачык класстык саат өттү.

Райондон келген «Омикрон» В.1.1.529 штаммынын инфекциясынын алдын алуу боюнча 1-11- класстарга класстык сааттар өтүлүп, ата энелерге маалымат берилди.

«Жугуштуу эмес оорулар» жана «Сергек жашоо» боюнча 5-11-класстарда класстан тышкаркы иштер өтүлдү. «Таза кол», «Самын менен дос бол» «Тазалык – өмүр булагы» аттуу башталгыч класстардын класс жетекчилери класстык сааттарды өтүштү.

Т.Абдымомуновдун 100 жылдыгына карата 9-11-класстарга «Абийир кечирбейт» аттуу чыгармасынан ачык класстһык саат өтүлдү.

Феврал айында Советтик аскердин Афганистандан чыккан жылдыгына карата класстык саатар, Улуу Ата-Мекендик Коргоочулар күнү, «XXI кылымдын эр азаматтары», «Кана эмесе жигиттер» аттуу спортук оюн, эстафеталар өтүлдү.

21-февраль Эне тил күнүнө карата 5-11-класстар арасында «Улуттар аралык фестивалы», «Эне тилим-эне сүтүм» аттуу дубал газеталар уюштурулду.

«Жоокер ыры» конкурсуна 10-класстын окуучусу катышып райондук грамотага ээ болду.

Март айында 9-11-класстар арсында Туу жана Ак калпак аттуу викторина сабагы болду, 8-март апалардын майрамы аттуу класстык сааттар өтүлүп, «Кана эмесе кыздар» конкурсу уюштурулду.

«Канаттулар биздин досубуз» аттуу деген темада 6-класска ачык класстык саат өтүлдү.

Жалпы мектеп ичинде балдардын, кыздардын тартиби жөнүдө жыйналыш өтүп, зордук-зомбулук рекетчилик тууралуу айтылды.

«Кургак учуктан сактануу» деген темада жат жазуулар жаздырылып, класстык саатар өтүлүп, дубал газеталар чыгарылды.

«Канатууларга камкордук» тоют мамысын даярдоо иш -чаралар өткөрүлдү.

Апрель айында «Адам сатууга каршыбыз!» аттуу 5-11-класстарга диспут сабагы өтүлдү.

23-апрель Бүткүл Дүйнөлүк китеп күнүнө карата китепканачы Исмаилова А. «Китеп билим булагы» аттуу башталгыч класстарга ачык класстык саат өтүп, «Адамзаттын азыгы китеп» деген темада 10-класска Кыдырова А.

тегерек стол өттү.Китеп тууралуу дубал газеталар чыгарылып, бурчтар уюштурулду.

«Баатырлардын баяны» аттуу ачык калсстык саат 8-класска өтүлүп. 7-апрель элдик ыңкылап күнүнө карата 1-11-класстарга класстык саатарды өтүштү.

«Бир окуучу-бир көчөт» жалпы республикалык акциясына карата, мектептин айланасын жана айылды жашылдандыруу ишин жүргүзүлүп, «Таза аймак» ураанынын астында үч айлык ишембилик өткөрүлдү.

7-апрель бүткүл ден- соолук күнүнө карата 6-11-класстар арасында спорттук оюндар уюштурулду.

Сопуеа.Н. 1-класска «Кош бол Алиппе» ачык тарбиялык саат өттү.

9-май Улуу Жеңиш күнүнө «Аскер ыры» жүрүшү болуп, Улуу Жеңиштин 77 жылдыгына карта 1-11-класстарга класстык саат өтүлүп, дубал газета, буклеттер чыгарылды.

19-май пионерлердин 100-жылдыгына карта салтанаттуу линейка уюштурулуп, флешмоб, ыр, бийлерди аткышты.

11-класстын класс жетекчиси Бейшекеева Ж. «Ар бир кесип ардактуу» ачык класстык саат өттү.

1-июнь Эл аралык балдарды коргоо күнүнө карата «Бала жылмайса аалам жылмаят» аттуу иш- чара өткөрүлүп, спорттук оюндар уюштурулду.

9-июнь акыркы коңгуроо салтанаттуу линейка болуп өттү.

9-11-класстын окуучуларына жетилүү атестаттарын жана күбөлүктөрүн тапшыруу уюштурулду.